«МААРИФ» БИЛИМ БЕРҮҮ КОМПЛЕКСИ» МЕКЕМЕСИ

УЧРЕЖДЕНИЕ «ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЙ КОМПЛЕКС «МААРИФ»

**Коомдук илимдер жана көркөм өнөр кафедрасынын чогулушунун № 6 протоколу.**

10-декабрь. 2022-жыл.

**Каралуучу маселе:**

1. “MAGIS” сынагы тууралуу талкулоо
2. Музейге окуучуларды алып баруу
3. II чейректин сынактарын кабыл алуу

Катышкандар: 10 мугалим

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы алгач “MAGIS” сынагы тууралуу чакан маалымат берди. Андан соң бул сынакка тарых сабагынан ар бир класска 20дан суроо түзүү керектиги айтылды. Жалпысынын 5-10 класстарга кыргыз жана орус тилинде 240 суроо түзүлүшү керектиги аныкталды. Суроолорду тапшыруунун акыркы мөөнөтү Февраль айынын аягы болгонуна байланыштуу суроолор тарых мугалимдери: Курманова Салия, Курманалиева Бегайым жана Такенов Нуржан агай арасында бөлүндү. Курманова Салия 7-10-класстардын Курманалиева Бегайым 6-9-класстардын жана Такенов Нуржан 5-8-класстардын суроолоруна жооптуу болушту. Натыйжада белгиленген мөөнөткө чейин тарых мугалимдери ар жуманын ишемби күнү 5 суроодон тапшырмай болушту.

13.12.2022-19.12.2022-дата ичинде мектеп ичинде II чейректин сынак жумасы болгонуна байланыштуу ар бир сабак боюнча чейректик сынак белгиленген мөөнөтүндө кабыл алынуусу сунушталды. Чейректик сынак мурун бергиленген тапшырмаларга жараша алынуусу зарыл.

Тарых сабагына окуучунун дагы да кызыгуусун арттыруу максатында 5-6-класстардын окуучуларын "Кыргыз мамлекеттик тарых музейине" экскурсия-сабагын уюштуруу сунушталды. Мөөнөтү белгиленип, алдын ала план түзүлүп, ата-энелерден жана администрациядан уруксаат алуу керектиги айтылды. Бул экскурсия-сабагы сынактардан кийин уюштурулуусу керектиги белгиленди.

**ТОКТОМ:**

1. "MAGIS" сынагынын тапшырмалары тарых мугалимдери тарабынан түзүлүп, ар жуманын ишемби күнү 5 суроо кафедра башчысына тапшырылсын (февраль айынын аягына чейин).
2. II чейректик сынак белгиленген убагында алынсын.
3. 5-6-класстарынын окуучуларына "Кыргыз мамлекеттик тарых музейине" экскурсия уюштуруу жоопкерчилиги Курманалиева Бегимай эжеге жүктөлсүн.

Каршы: жок

Калыс: жок

Макул: 9 мугалим

Мектеп директору________________Акматов Кыялбек Акматович

Кафедра башчысы:________________Курманова Салия Алмазовна.

**Коомдук илимдер жана көркөм өнөр кафедрасынын чогулушу:**

Катышкандар:

| № | Мугалимдун аты жөнү | Колу |
|---|---|---|
| 1 | Курманова Салия Алмазовна | |
| 2 | Такенов Нуржан | |
| 3 | Курманалиева Бегайым Курманалиевна | |
| 4 | Ахметов Адылжан Дильмуратович | |
| 5 | Кадыралиева Бегимай Калмырзаевна | |
| 6 | Алымов Эрмек Абдырахманович | |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Аджиева Алтынай Владимировна | |
| 8 | Сатиев Тариэль  Сатиевич | |
| 9 | Садырова Асел Суйналиевна | |
| 10 | Асанов Жыргалбек Жаңыбаевич, | |
| 11 | | |
| 12 | | |